**УДК: 378:378.1**

**СОЛТОНБЕКОВ Ж.Ж.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ / КНУ им. Ж.Баласагына*
**SOLTONBEKOV ZH.ZH.**
*J. Balasagyn KNU*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУНУН,ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА СЕБЕПТЕРИ

## Основные проблемы и причины улучшения качества, развития образования в высших учебных заведениях

## Main problems and reasons for improving the quality development of education in hingher educational instituions

***Аннотация.*** *Бул илимий макалада жогорку окуу жайларындагы билим берүү системасын өнүктүрүүнүн жана сапатын жакшыртуунун негизги себептеринин маанилүүлүгүнө көңүл бөлүндү. Эгер туура нукка салынып, ишке ашырылса билим берүү сапаты тез арада жакшы жагына жылыш алмак. Абитуриенттерди жогорку окуу жайларына кабыл алууда төмөнкү баллды жогорулатуу, абитуриенттердин жогорку окуу жайлар жөнүндө кыргыз, орус тилиндеринде жеткиликтүү маалымат алуусуна, окуу жайдын сайтынын жоопкерчилигин арттыруу, окууга кабыл алуу системасын автоматташтыруу аркылуу ашыкча убара, чыгым коротуу маселесинен арылуу, жогорку окуу жайларындагы чет тил сабагын окутуу методикасын өзгөртүү, кээ бир сабактарды кайталап ашыкча окутуудан арылып, кесиптик сабактарды окутууга маани берүү, билим менен илимдин байланышын чыңдоо, билим берүүдө илим эмгектерин окуу материалы катары колдонууну өнүктүрүү маселелери чагылдырылды.*

***Аннотация.*** *В данной научной статье акцентируется внимание на важности основных причин развития и повышения качества образования в высших учебных заведениях, и в случае их реализации изменения происходили бы лучшую сторону. О повышении нижнего порога балла для поступления в вузы. Повысить ответственность вуза за достоверность информации на сайте, для абитуриентов на кыргызском и русском языках. С автоматизацией приемной системы для поступления в вузы, решить проблему лишних затрат и не нужных забот. Изменить методику преподавания иностранных языков в вузах, избавится от повторного изучение уже пройденных школьных предметов, а сосредоточится на преподавании профессиональных предметов. Укрепление связи образования и науки, развитие использования научных трудов в качестве учебных материалов в образовании.*

***Resume.****This scientific article focuses on the importance of the main reasons for the development and improvement of the quality of educational institutions? And in the case of their implementation, the quality of education can be improved quickly. On raising the lower score threshold for admission to universities. Increase the responsibility of the university for the accuracy of information on the site, for applicants in the Kyrgyz and Russian languages. With the automation of the admission system for admission to universities, to solve the problem of unnecessary costs and unnecessary worries. methods of teaching foreign languages in universities, get rid of the re-study of already completed school subjects, and focus on teaching professional subjects. Strengthening the connection between education and science, developing the use of scientific works as teaching materials in education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Жалпы республикалык тестирлөө, жогорку окуу жайлары, электрондук окуу китептери, информациялык технологиялар, информациялык системалар, компьютердик технология, маалыматтык билим берүү чөйрөсү, маалыматтык коммуникациялык технологиялар.*

***Ключевые слова:*** *Общее республиканское тестирование, высшее учебное заведение, электронные учебники, информационные технологии, информационные системы, компьютерные технологии, информационная образовательная среда, информационные коммуникационные технологии.*

***Keywords:*** *General republican testing, higher education institution electronic textbooks, information technology, information systems, computer technology, information educational environment, information communication technology.*

Бул макалы жарыялоонун негизги себеби, билим берүү тармагында көп жылдык эмгек тажырыйбанын негизинде сандан сапатка өтүүнүн учуру келип, келмек тургай өтүп бараткны өкүнүчтүү болуп турганынын себептерин жеткирүү.

Ошондуктан жогорку окуу жайларына кабыл алуу Жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) негизинде болуп жаткандыктан, мектепте окуган окуучуларды баа алуу үчүн эмес, билим алууга умтулуусун жакшыртуу керек. ЖРТ 20 жылдык тажырыйбасында өзүн актады десек болот. Себеби ЖРТ аркылуу жогорку окуу жайларына өтүүгө бир топ жеңилдиктер болуп, көпчүлүк билим деңгээли жетиштүү жогорку балл ала алган абитуриент балдар, кыздар каалаган окуу жайынын студенти болушууда.

Маалыматтык технологиялар тез өнүгүп жаткан учурдун талабына ылайык окуу китептерин, китепканаларды сан ариптештирүү маселеси батыраак чечилсе кандай жакшы болмок. Жогорку окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алуу системасы дагы, бирдиктүү автоматташтыруу жолу менен кабыл алынса, убакыт аз сарпталып, ашыкча убара, чыгым болмок эмес [1]. ЖОЖдор жөнүндөгү маалыматтар жеткиликтүү түрдө тийиштүү жогорку окуу жайдын сайтында жайгаштырылып, маалыматты күн сайын керек болсо саат сайын жаңылап туруу учурдун эң кескин талаптарын иш жүзүнө ашыруу, канча убакыт жана ашыкча чыгымды үнөмдөмөк. Жогорку окуу жайлардын сайттарындагы маалыматтар толук дагы так дагы эмес. Маалыматты жаңыланып туруу көп деле каражатты талап кылбайт. Маалыматтын жетишсиздигенен, кыргызча маалыматтын жоктугунан, окуу жайдын кабыл алуу комиссиясынын мүчүлүштүктөрүнөн улам толук түшүнүк ала алышпай баягы эле нары бери чуркап ар бир окуу жайдын эшигин сүзгүлөп кыдырып чыкмай. Окууга кабыл алуу комиссиясы жарым жыл ушул окууга кабыл алуу боюнча сайттагы маалыматты тез-тезден жаңыланып туруусу (кандай кесиптерге канча орун бар, качан башталып, качан аяктайт, кандай документтер керек) ишке ашырылса канча пайда алып келишмек өлкөбүзгө. ЖРТнүн негизинде окууга кабыл алынып жаткандыктан бирдиктүү маалымат жыйындысы билим берүү министрлигинде иштелип чыгып, абитуриентти улам бир окуу жайдын эшигин каккылаттырбай эле автоматтык система аркылуу кабыл алуу жүргүзүлүшү учурдун талабы [2].

Жогорку окуу жайларга кабыл алуу системасынын механизмин бирдиктүү маалымат жыйындысына киргизүү, окуу жайда кайсы кесипке канча орун бар, канча талон катталып, кабыл алынды жана канча талон окуй тургандыгын тастыктаган жок [3]. Ушундай сан ариптештирүү жолу менен кабыл алуу иш жүзүнө ашырылса окуу жайдын канча каражаты үнөмдөлмөк. Сынактыкпы же (пилоттукпу) бир окуу жайга

киргизилип, анан жалпы республикага жайылтылып иш жүзүнө ашыруу мезгилдин эң орчундуу талабы.

СССРдин убагынан бери келе жаткан калем саптын учундагы жалган бааларды кыскартып, билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу иш чарасын иштеп чыгуу, азыркы учурдун эң бир маанилүү көйгөйлүү маселеси боюнча калууда. Макаланын маанисин баамдоо үчүн, калп эле каражат коротуп баасы бир тыйынга арзыбаган аттестат, күбөлүк берүүлөр токтотулса жакшы болмок. ЖРТнын негизинде ЖОЖдорго кабыл алуу болуп жаткандыктан калп эле кагаздагы жалган баалардан арылуу маселеси. Орто мектепти окуп бүтүрүп, жогорку окуу жайдан билим алам деген окуучу аттестат алуу үчүн, ЖРТнүн негизинде ЖОЖ га кабыл алынып жаткандыктан мектепти аяктап жаткандагы жалган баа үчүн экзамен тапшыруунун кереги барбы? Жок эч кандай кереги жок. Себеби ЖРТнүн негизинде алган билиминин деңгээли аныкталып жатат. Ошол эле жалган баа үчүн түзүлгөн мамлекеттик сынак тапшырууну жоюп, ошого жумшалган каражатты туура багытта пайдалануу. Жогорку окуу жайга окууну каалабаган окуучуларга, ушул мектепте билим алгандыгы анык деген эле билдирүү кагазы жетиштүү. 9-классты аяктагандан кийин кыска мөөнөттөгү (3 айлык, 6 айлык) кесиптик окуу жайлар ачылып, азыркы учурдун талабына ылайык (кыш кыноочу, шыбакчы, ширетүүчү, тигүүчү, жыгач уста, сантехник, ж.б.) деген күбөлүк берилиши туура болмок.

Кээ бир окуучулар мектепте окуп жүргөн учурунда жакшы маани берилбей, көпчүлүктүн арасында каралбай калган учурлар абдан көп. Бирок кийин башка чөйрөгө аралашып, аң сезими өсүп билим деңгээлин жогорулатайын дегенге мүмкүнчүлүк дээрлик жок. Убагында жетиштүү билим ала албай калып, кайрадан окуп билим алууга жаш өзгөчөлүгүнөн айырма болгондуктан тартынышып, ошол бойдон калып кетет. Ошондуктан ушундай учурга туш болгон жаштарга, кайрадан билим алууга мүмкүнчүлүк берүү маселесин иш жүзүнө ашырууну Билим берүү министирлиги тарабынан чечкиндүү иш аракет жасалса накта реформа болмок. Кесиптик орто окуу жайларга 11-класстын базасы менен алынуусу ЖРТнүн негизинде 110 баллдан жогору болсо жакшы болмок. ЖРТдөн төмөн баа алып калган абитуриенттердин көпчүлүгү кесиптик орто окуу жайларга тапшырып, ал окуу жайды эптеп окуду болуп, бүтүшкөндөн кийин ЖОЖ дорго 2-курска кабыл алынышат. ЖРТнүн негизинде ЖОЖ га кабыл алуу балын жок дегенде 140 баллга чейин жогорулатып, орто кесиптик окуу жайларга 110 баллдан жогору кылып, сандан сапатка өтө турган учур келип келмек тургай өтүп барат. Негизинен орто кесиптик окуу жайларга 9-класстын базасында ЖРТ аркылуу кабыл алынса абдан жакшы иш болмок. Аркандай себептер менен мектепте билим алуусун уланткысы келбеген 9-классты эптеп окуду болгон окуучулар көп кездешет. Ошол окуучулар кесиптик орто окуу жайларга эптеп тапшырып, өтүп алышып окуунун баркын кетиришүүдө.

ЖОЖдагы сабактарды окутуу маселеси. Эне тилибиз кыргыз тилине кайрылсак. Кыргыз мектебин бүтүп келип, кесипке ээ болом деп кайра 2 семестр кыргыз тилин окуштун кажети барбы? Жок эч кандай кажети жок бул жөн эле убакыт коротуу. Орто мектептерде кыргыз тилин окутуу методикасын адабий кыргыз тилинде, жазылышын, айтылышын окутууну күчөтүү керек. Катасыз жазууга, туура окулушуна көңүл буруу абдан маанилүү болуп турган мезгил. Кыргыз тилин өнүктүрөбүз деп ар бир окуу жайда мамлекеттик тил жана тарбия иштери проректорлору бар. Кыргыз тили өнүгүп иш кагаздарынын баарысы кыргыз тилине өтүп кеткен жок, 30 жылдан бери. Баягы эле бойдон эч жылыш жок.

Чет тилдери боюнча. Чет тили факультетинин дипломун алган жогорку билимдүү деген адам, ошол алган билиминин негизинде чет тилинде эркин сүйлөй ала турган болуш керекпи же жокпу? СССРдин убагынан келе жаткан чет тилин окутуу методикасы толугу менен өзгөртүлбөсө баягы эле жомок бойдон калууда. Чет тили факультетинен билим алып тил үйрөнсөм деп дилгир болгон балдар, кыздардын 5%-10% дык өз ийгилигин чет тилдер факультетине ыйгарып жүрүшөт. Чет тилин окутуу методикасын толугу менен өзгөртү жана өркүндөтүү маселесинин чечилиши чет тилинде эркин сүйлөө жана ошол тилди өздөштүрүүгө чоң өбөлгө болмок.

Мектепте физикалык жана экономикалык география окутулат. Бул боюнча ЖРТгө география сабагынан милдеттүү тест киргизилиши керек. Себеби жогорку окуу жайдан билим алам деген абитуриент билиши керек, Кыргызстандын аймагы канча жерди ээлейт, канча калкы бар, кайсыл мамлекеттер кошуна чектеш, канча область, райондоруу бар ж.б..

Кыргызстандын тарыхы боюнча өзгөчө маселе: Канча тарых илимдеринин кандидаттары, докторлору бар. Тарыхыбыз али тастыкталып бүтө элек. Тарпы чыгып жазылган тарыхты таңуулоо таптакыр туура эмес. Кыргызстандын тарыхын изилдейм деген илимпозго мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлүп, Санкт-Петербуг, Ташкент, Бээжин, Рим, Париж, Тегеран ж.б. шаарларындагы архивдерден маалымат жыйноого кандай каражат болсо дагы колдоого алынса абдан жакшы болмок.

“Математика илимдердин падышасы”- бул талашсыз туура. Дүйнөлүк стандарттын негизинде жогорку билимдүү адам математика курсун окушу керек деген туура. Бирок гуманитардык багыттагы кесиптерге жогорку математиканын эмне кереги бар? Гуманитардык багыттагыларга элементардык математика, чечмелеп айтканда кошуу, алуу, көбөйтүү, бөлүү, пайыз чыгарганды, аянтты, көлөмдү табууну окутса жетиштүү.

Негизинен ЖОЖларда кесиптик сабактарга басым жасалып, бүтүрүү курсунда милдеттүү түрдө “Этика, эстетика сабактары” окутулушу учурдун курч талабына айланды.

ЖОЖдорго кабыл алуу маселеси. Элдин шарты жок социалдык абалы начар деген үй бүлөдөн чыккан балдар, кыздар жогорку окуу жайлардан билим ала албай калышат деген шылтоо менен 30 жылдан бери, өзүбүздү өзүбүз алдап келебиз. Бирок көпчүлүк кесиптер, айрыкча азыркы учурда абитуренттер көп тапшырышкан кесиптерде (юрист, экономист, маалыматтык технологиялар) бюджеттик бөлүмдөр жок. Эгерде абитуриент жакшы балл алып юрист, экономист же маалымат технологиялар тармагынан билим алуусуна эмне үчүн мамлекет тарабынан бюджеттик бөлүм каралбайт. Мамлекет каржылай албаса контрактык төлөмдүн негизинде окуу жайга бюджеттик кесиптерди ачууга уруксат берилиши керек. Жогорку балл алган абитуриент айласыздан контракттык негизде билим алууга мажбур болууда. Жогорку окуу жайларда аудитория, материалдык техникалык базасы, мугалимдердин айлык маянасын чечүү маселеси өтө курч. Мектептен жакшы билим алып келген балдар жок эмес. Контрактын төлөмүнүн аздыгынан билим деңгээли жокко эсе балдар окуп билим алышууда. Эгерде контрактык төлөм жогорку окуу жайдын материалдык техникалык базасын чыңдоого, мугалимдин айлык маянасын жетиштүү деңгээлде төлөөгө жете турган болсо, студенттин саны кескин кыскарып, аудитория маселеси, сандан сапатка өтүү, коррупция деген нерсе өзүнөн өзү жок болмок. Ата-энелер, уул-кыздарын мектептен баштап жакшы билим алуусуна аракет кылышмак. Төрт жылдагы контракт төлөмү, ичкен-жегени жатаканасы канча акча болоорун дагы ойлонушмак. Билим деңгээли төмөн мугалимдин деңгээли билимдүү студенттер аркылуу бат эле

аныкталмак. Кайсы окуу жайга барбагын каражаттын жетишсиздигинен же ремонту бүтпөйт, аудитория маселеси чечилбейт, айлык маяналар көтөрүлбөйт, техникалык материалдык базасы чыңдалбайт. ЖРТнүн төмөнкү баллын ЖОЖдорго 110 эмес 140 баллга көтөрүү, контарктттык төлөмдү жогорулатуу студенттердин санын кыскаруусу бир, эки жылдык көрүнүш болмок. Кабыл алуу толбой калат деген коркунучтан арылуу келечекке туура кадам таштоо дегендик. Контрактык төлөмдү көбөйтүп, көбөйтөт десе жылына 1000-2000 сомго же 10000-20000 миңге эмес ошол окуу жайдын каражат маселесин чече ала тургандай кылып жогорулатыш керек. Сабактарын жакшы өздөштүргөн студенттерге 3 курстан баштап контрактык төлөмдүн 25 пайызын, 4- курстан 50 пайызын кыскартууга мүмкүнчүлүк бериш керек. Ошондо мектеп окуучуларында келечекке ишеним пайда болот. Жакшы окуп билим алууга кызыгуу артылып, мектептен баштап билим сапаты жакшырмак. Эмне үчүн чечкиндүү кадам жасалып ЖОЖлардын контракттык төлөмдөрүн жогорулатуу маселеси каралбай келет. Өздүк мектептер ачылып айына 20000 сомдон төлөп окутуп жатышат балдарын. Окуу жылы үчүн, тогуз айга180000 сом.

Билим берүү министирлиги тарабынан сырттан таңууланган окуу программаларын элге таңуулоо тажатып, тажатмак турсун талкалоодо билим берүү чөйрөсүн. Өкмөт, Билим берүү министирлиги тарабынан канча бүтүрүүчү жогорку окуу жайынын дипломуна ээ болгондон кийин жумушсуз калып жатат көзөмөл жок. Ар ким өз арбайын өзү көздөмөй заман.

"Билим алуу ийне менен кудук казгандай"-деп бекеринен айтылбаса керек. Билими жок илимдүүлөр көбөйдү. Илимди аркалаган көп, майнабы жок. Илимге эмгек жазуу зор мээнет, эгер элибизге, мамлекетибизге, жерибизге пайда алып келсе. Билимдүү бирок илимге кызыкпаган азаматтарыбыз көп. Билим деңгээли жол бербейт аларга калп илим жазышка. "Илимий макала" болушу керек деген талап күч алды. Өзүнөн башка эч ким окубаган илимий макаланын кереги кимге? Рахманбек Тойчуевдин Акипресске берген талкуусу эң туура. Илим менен алек болгон адам башка иш чөйрөсүнөн кандайдыр бир мөөнөткө жарым жылбы же бир жыл убакытпы оолак болуусу керек. Ошол мөөнөтөгү каржыланган каражатты илимий ишинин негизинде акташы керек. Сабак берип жүрүп, же башка кызматтарда бир убакта иштешип илим менен алек болгону акылга сыйбаган иш. Илимге умтулган адам илимдин туу чокусуна чыкпаса дагы, ошол илим чөйрөсүнө дүйнө жүзүндө боло элек жаңылык ачса ошондо илимге умтулуу жогоруламак.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Логачев, А. И. Работа приемной комиссии высшего учебного заведения: проблемы и перспективы / А. И. Логачев. — Текст : непосредственный // Молодой ученый. — 2018. — № 38 (224). — С. 130-131.—URL: https://moluch.ru/archive/224/52750/
2. Епанчинцева О.Л., Погромская Т.А., Редреев Д.Г. Дистанционная подача документов в вуз. ИАС «Абитуриент» // Компьютерные учебные программы и инновации. 2005. № 2. С. 14.
3. Хорошевский М.В., Епанчинцева О.Л. [и др.] Информационные технологии в приёмной кампании ОмГУ // Открытое и дистанционное образование. 2002. № 1. С. 85–90.


***Рецензент: Байзаков А.Б.*** *– физика-математика илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын УИАнын профессору*